**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар Кеңешининотурумунун**
**№3ПРОТОКОЛУ**

**2021-жылдын 29-ноябры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.:** Үсөн уулу М.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О., Алымбекова В., Абдыкаарова Т., Каримов К.ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Көз карандысыз аккредитациянын эксперттик корутундусун жана тиешелүү кемчиликтерди жоюу боюнча талкуулоо (бакалавриат боюнча).
2. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окуу-усулдук иштеринин абалы боюнча маселелер.
3. Магистранттардынилимийтемаларын,бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялыкиштеринин темаларынжанажетекчилеринбекитүү.
4. Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а., окутуучу, аспирант М. Абдыкуловдун 2020-2021-окуу жылдарында жасаган илимий жана окуу иштери боюнча отчету.
5. Ар түрдүү маселелер.

Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.Үсөн уулу Маматаир Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен төрага. АйтикеевТ.К, Мааткеримова А.М. жана Акылбек уулу Э.шартка байланыштуу келе албай калгандыктарын билдирип, Окумуштуулар Кеңешин баштоого кворум бар экендигин айтып, баштоону добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар Кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Көз карандысыз аккредитациянын эксперттик корутундусун жана тиешелүү кемчиликтерди жоюу боюнча талкуулоо (бакалавриат боюнча).**

Көз карандысыз аккредитациянын эксперттик корутундусун жана тиешелүү кемчиликтерди жоюу боюнча (бакалавриат боюнча)“Кытай тилижана кытай таануу”кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О. баяндама берди. Баяндамада ал көз карандысыз аккредитациянын эксперттик корутундусу жана тиешелүү кемчиликтерди жоюу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө айтып, андагы бардык кемчиликтерди атап, ал кемчиликтерди жоюубоюнча кафедранын жалпы жамааты менен биргеликте иштер толук аткарылып жаткандыгын баса белгилеп кетти.Андан сырткары 2021-2022-окуу жылында магистратурада 532300 “Кытай таануу” багыты көз карандысыз аккредитациядан өтө тургандыгын, мында магистратура бөлүмүнүн башчысы В.А. Алымбековага жогоруда айтылгандарды эске алуусун жана даярдыктарды жогорку деңгээлде көрүүсүн эскертти.
Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. Үсөн уулу М. баяндаманы канааттандыраарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен баяндама канааттандыраарлык деп табылды.

2. **“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окуу-усулдук иштеринин абалы боюнча маселелер.**

Кафедранын жана факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, улук окутуучу Абдыкаарова Т.М. “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окуу-усулдук иштеринин абалы боюнча баяндама берди. Ал өз баяндамасында“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окуу-усулдук иштеринин абалы боюнча жалпы мүнөздөмө берди. Мүнөздөмөдө ар бир дисциплинардын окуу-методикалык комплекстеринин кемчиликтерин айтып,түзөтүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүсүн сунуштады.

Андан соң төраганын м.а. Үсөн уулу М. баяндаманы канааттандырарлык деп табуунужана окуу-методикалык комплекстерге түзөтүүлөр, толуктоолор киргизилүүсүн добушка койду.

Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен баяндама канааттандырарлык деп табылды жана окуу-методикалык комплекстерге түзөтүүлөр, толуктоолор киргизилүүсү колдоого алынды.

3. **Магистранттардын илимий темаларын, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темаларын жана жетекчилерин бекитүү.**

Факультеттин магистратура бөлүмүнүн башчысы Алымбекова В.Амагистратурадагы Кытай таануу жана Лингвистика багыттарынын 1-курстарынынилимийтемалары, алардын жетекчилери аныкталып бүткөндүгүн, ал темалардын акыркы үч жылда кайталанбагандыгы дагы текшерилгендигин билдирип, талкууга койду жана аларды бекитүүгө сунуштады. Ал эми “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О. бакалавриаттагы бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялыкиштеринintемалары, алардын жетекчилери дагы аныкталып бүткөндүгүн айтып, темалардын кайталанбагандыгы дагы текшерилгендигин билдирип, талкууга койду жана аларды бекитүү сунуштоону белгиледи.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. Үсөн уулу М. билдирүүлөрдү эске алып, магистратурадагы жана бакалавриаттагы бүтүрүүчүлөрдүн илимий темалары, жетекчилери талкууланды деп эсептеп, аларды бекитүүгө сунушталуусун добушка койду.

Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен магистратурадагы магистранттардын жана бакалавриаттагы бүтүрүүчүлөрдүн илимий темалары, жетекчилери бекитүүгө сунушталды.

4. **Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а., окутуучу, аспирант М. Абдыкуловдун 2020-2021-окуу жылдарында жасаган илимий жана окуу иштери боюнча отчету.**

Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а., окутуучу, аспирант М. Абдыкулов 2020-2021-окуу жылдарында жасалган илимий жана окуу иштери боюнча отчетун жасады. М.Абдыкулов өтүп бара жаткан жыл илимий ишмердүүлүктө жемиштүү болгонун да айтып өттү, анткени кандидаттык минимумдун сынактарын тапшыруу менен бирге “About Transformation Formulas of the Most Ancient Roots in Eurasian Languages” аттуу илимий макаланынWEB of science базасындагы Open Journal of Modern Linguisticsжурналынан басмадан чыкты деп белгиледи.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а. Үсөн уулу Маматаир Абдыкулов Мараттын бир жылдык отчету угулду деп эсептеп, кабыл алууга сунушталуусун добушка койду.

Макул – 12;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Бир добуш менен аспирант М. Абдыкуловдун 2020-2021-окуу жылдарында жасаган илимийжана окуу иштери боюнча отчету кабыл алуугасунушталды.

5. **Ар түрдүү маселелер:**

1.Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.Үсөн уулу Маматаир окуу процессинин убактысынын жүрүүсү жана андагы өзгөрүүлөр боюнча айтып, сабактар үзгүлтүккө учурабай өтүлүүсүнэскертти.

2.Ош мамлекеттик университетинде Магистратура жана PHD Докторантура департаменти тарабынан математика жана медицина багыттарында PHD докторантура ачылгандыгы жөнүндө билдирди.

Биринчи маселе боюнча ОКнин жалпы курамы кышкы убакытка өтүүнү толук колдошту.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2021-2022-окуу жылында бакалавриатта, магистратурада көз карандысыз аккредитациянын эксперттик корутундусун негизинде тиешелүү иш чаралар аткарылсын.
2. "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окуу-усулдук иштеринин абалы боюнча баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана окуу-усулдук комплекстерге түзөтүүлөр киргизилип, толукталсын.
3. 2021-2022-окуу жылындагы магистранттардын илимий темалары, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темалары жана жетекчилери бекитүүгө сунушталсын. Аны бекитүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.
4. Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а., окутуучу, аспирант М. Абдыкуловдун 2020-2021-окуу жылдарында жасаган илимий жана окуу иштери боюнча отчету кабыл алынсын.
5. 5.1. Факультеттеги окуу процессинин убактысы кыш мезгили үчүн түзүлгөн жадыбалдын негизинде жүргүзүлсүн жана аны көзөмөлдөө иши деканатка жүктөлсүн.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасынын м.а.: Үсөн уулу М.**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы: ТаштановаМ.М.**